# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

# ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

2017

1 3 4

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ

***Журнал жылына 4 жолу чыгарылат***

# №4-2017

*Илимий журнал Кыргыз мамлекеттик китеп палатасынан 2000-жылдын 28-декабрынан каттоодон өткөн.*

Жарыяланган макалалар тууралуу маалымат №564-10/2016 келишими боюнча *Россиялык илимий цитата берүү индекси менен индекстелет* ***(РИНЦ)***

Жыйнакка кирген материалдар автордук редакцияда жарыяланды. Макаланын мазмуну жана шексиздиги үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт. Редакциянын пикири макалалардын авторунун пикири менен дал келбеши мүмкүн.

Жыйнактын электрондук версиясын www.oshsu.kg, elibrary.ru сайттары аркылуу эркин кирип көрүүгө болот.

# Ош мамлекеттик университетинин ЖАРЧЫСЫ

# ВЕСТНИК Ошского государственного университета

№4, 2017
ISSN 1694-7452

**Башкы редактор:** Исаков К.А.
*филол.и.д., профессор*

**Башкы редактордун орун басары:** Кенжаев И.Г.
*тех.и.д., профессор*

## РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ:

**МЕДИЦИНАЛЫК ИЛИМДЕРИ:**
1. Жээнбаев Ж.Ж. – мед.и.д., проф.
2. Жолдубаев Р.Дж. – мед.и.д., проф.
3. Жумабаев А.Р. – мед.и.д., проф.
4. Тайчиев И.Т. – мед.и.д., проф.
5. Осумбеков Б.З. – мед.и.д., проф.
6. Эшиев А.М. – мед.и.д., проф.

**БИОЛОГИЯЛЫК ИЛИМДЕР:**
1. Жумабаева.Т.Т. – б.и.д., проф.
2. Каримова Б.К. – б.и.д., проф.
3. Тажибаев А. – б.и.д., проф.

**ФИЗИКА-МАТЕМАТИКАЛЫК ИЛИМДЕРИ:**
*Физика:*
1. Арапов Б.А. - ф.-м.и.д., проф.
2. Саипбекова А.М. - ф.-м.и.д., проф.
3. Ташполотов И.Т. - ф.-м.и.д., проф.

*Математика:*
1. Алымкулов К.А. - ф.-м.и.д., проф.
2. Каримов С.К. - ф.-м.и.д., проф.
3. Матиева Г.М. - ф.-м.и.д., проф.
4. Сатаров Ж.С. - ф.-м.и.д., проф.

**ЭКОНОМИКАЛЫК ИЛИМДЕРИ:**
1. Купуев П. К. – э.и.д., проф., КРУИАнын мүчө-корреспонденти
2. Тургунбаев Ж.Т. – э.и.д., профессор
3. Эргешбаев У.Ж. – э.и.д., доцент
4. Култаев Т.Ч. – э.и.д., доцент
5. Зулпукаров А. – э.и.д., профессор

**ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ:**
1. Зулпукаров К. З. – филол.и.д., профессор
2. Жусупакматов Л. – филол.и.д., професоор
3. Калыгулова С.Ш. – филол.и.к., доцент
4. Мурадымов Н.М. – филол.и.к., доцент
5. Элчиев Ж.Э. – филол.и.д., профессор

**ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ:**
1. Бабаев Д.Б. – пед.и.д., профессор
2. Момуналиев С.М. – пед.и.д., профессор
3. Син Е.Е. – пед.и.д., профессор
4. Алтыбаева М.А. – пед.и.к., профессор
5. Батыралиев А. – пед.и.к., доцент
6. Акматова Т.А. – пед.и.к., доцент

**УКУК ЖАНА ЮРИСПРУДЕНЦИЯ ИЛИМДЕРИ:**
1. Дүйсенов Э.Э. – ю.и.д., профессор
2. Мукамбаева Г.А. – ю.и.д., профессор
3. Кулдышева Г.К. – ю.и.д., профессор
4. Арабаев Ч.И. – ю.и.д., профессор
5. Борубашов Б.И. – ю.и.д., профессор
6. Секимбаев Э.Н. – ю.и.д., профессор

**САЯСАТ ТААНУУ ИЛИМДЕРИ:**
1. Абдурешев А.Б. – саяс.таануу.и.д., профессор
2. Омукеева Ж.А. – саяс.таануу.и.д., профессор
3. Ибраимова С.С. – саяс.таануу.и.к., доцент
4. Абазбек у. Р. – саяс.таануу.и.к., доцент

**ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ:**
1. Абытов Б.К. – т.и.д., профессор
2. Алымбаев Ж.Б. – т.и.д., профессор
3. Нурумбетов Б. – т.и.д., профессор
4. Кененсариев Т.К. – т.и.д., профессор
5. Асанканов А.А.– т.и.д., профессор
6. Чоротегин Т. – т.и.д., профессор

**ФИЛОСОФИЯЛЫК ИЛИМДЕР:**
1. Аттокуров Т.А. – филос. и.д., профессор
2. Шарипова Э.К. – филос.и.д., профессор
3. Карабеков К. – филос.и.д., профессор
4. Кулназаров А.К. – филос.и.д., профессор
5. Балтабаева А.Т. – филос.и.д., профессор

**ОшМУнун редакциялык-басма кеңешининин чечими менен басууга сунушталды**

**Берилген материалдардын сапаттуулук деңгээлине, илимий мазмунуна, жаңылыгына, автор, сунуштаган кафедра жана рецензиялаган окумуштуу жооптуу*

Мунис Хорезми (1778-1829) иштеп чыккан «Сабатка үйрөтүү» («Саводи таълим») китеби 1804-жылы чыккан. Ал чагатай тилинде болгондуктан Фергана өрөөнүндөгү мектеп, медреселерде кенири пайдаланылган. Мунис Хорезми акын катары дивандарды, газелдерди жазган, Адам Атадан тартып адамзат тарыхын электен өткөрүп баяндап берген тарыхчы жана агартуучу болгон. Жогорудагы колдонмосу да ыр формасында тургандыктан окууга жана түшүнүүгө жеңил келип, мактабдорлор да, талабалар да түшүнө берген. Автор ар бир арибди кайсыл чекиттен баштап жазып, кайсыл чекиттен бүтүрүү керектигин үйрөткөн.

Мына ошондон, б.а., Борбор Азияда алгачкы мактаб, медреселер, ислам жогорку окуу жайлары пайда болгондон тартып эле, анын ичинде биз сөз кылып жаткан XIX кылымдын I жарымында жана XX кылымдын башында Фергана өрөөнүндөгү билим берүү мекемелеринде эң негизги окуу китеби «Курани-Карим» болгон.

### Адабияттар:


1. Маханова Р.Р. Творчество Суфи Аллаяра и его традиции в татарской литературе: диссертация кандидата филологических наук. – Казань, -2008. – С.190.
2. Юзликаева Э.Р, С.А.Мадьярова, Э.Э.Янбарисова, И.В.Морхова. Теория и практика общей педагогики: Учебник для направления бакалавриата область образования. – Ташкент, ТГПУ им.Низами, -2012.
3. Старр С.Ф. Жоготулган агартуу. Борбордук Азиянын алтын доору араб басып алууларынан Темирланга чейин. – Б.: 2017. –б 3.


УДК 370:947.1 (575.2)

## БОРБОР АЗИЯДА ОРТО КЫЛЫМДАРДА ЖАШАГАН ЭНЦИКЛОПЕДИСТ-ААЛЫМДАРДЫН ЭМГЕКТЕРИН МЕДРЕСЕЛЕРДЕ ОКУП-ҮЙРӨНҮҮНҮН МААНИСИ ЖАНА МАЗМУНУ

*Зулуев Бекмурза, п.и.к., доцент,*
*Ош гуманитардык-педагогикалык институту*

## THE IMPORTANCE AND CONTENT OF LEARNING THE WORKS OF ENCYCLOPEDIST-SCIENTISTS OF THE MIDDLE AGE IN CENTRAL ASIA

*Bektmurza of Suloev, c.p.s., associate professor,*
*Osh Humanitarian Pedagogical Institute*

***Аннотация:*** *Макала педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы боюнча жазылган. Анда орто кылымдарда Борбордук Азияда жашаган окумуштуулардын энциклопедиялык билимдери, билимдердин булактары, тарыхый-педагогикалык мааниси тууралуу сөз болот. Негизги көңүл исла динининин жана маданиятынын ролуна бурулат. Бул окумуштуулар бүтүндөй ислам дүйнөсүнө таас этмкендиги көрсөтүлөт.*

***Аннотация:*** *Статья посвещена истории педагогики и образования. В ней главное вниман уделяется роли исламской религии и культуры и влияние ученым Центральной Азии на весь исламск мир.*

***Abstract:*** *The article is devoted to the history of pedagogy and education. It focuses on the role of Islamic religion and culture and the influence of Central Asian scientists on the entire Islamic world.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *педагогиканын жана билим берүүнү тарыхы, диний билим беру энциклопедист, дидактика, окутуунун принциптери, окутуунун методдору, окутуунун формалары.*

***Ключевые слова:*** *история педагогики и образования, религиозное образования, энсклопеди дидактика, методы обучения, формы обучения.*

***Key words:*** *history of pedagogy and education, religious education, encyclopedist, didactics, teach methods, forms of education.*

Дүйнөлүк маданияттын жана илимдин тарыхында Борбор Азиядагы энциклопеди аалымдар деген түшүнүк бар, алардын катарына көптөгөн таланттуу окумуштуулар киргизүүгө болот, мисалы: Аль-Хорезми (787-850), Аль-Фараби (870-950), Ахмед Аль-Ферга (797-860), Аль-Кинди (800-870), Абулкасым Фирдоуси (934-1020), Абу Райхан Беруни (97 1050), Али Абу Ибн Сина (980-1037), Насир Хосров (1004-1072), Жусуп Баласагын (1015-107 Омор Хайям (1048-1123), Абу Хамид Мухаммад Аль-Газали (1058-1111), Махмуд А Кашкари-Барсканий (болжолу 1029/1032-1126), Кулкожо Акмат Йассави (1103-1166), Фар

| | | | |
|---|---|---|---|
| тапшырмаларды чечүүнүн алгоритмикалык методу;<br>- суроо-жооп формасы (окутуунун методу ж.б.) | каршыдагы адамды адаштырып, баш айлантып коюу, 4) риторикалык, 5) поэтикалык;<br>- окутуунун тажрыйбалык-көрсөтмөлүүлүк методу;<br>- көнүгүү иштөө – кайталоо (окутуунун жалпы методу);<br>- индукция жана дедукция методу;<br>- абстракционизм методу ж.б. | (жакынкыдан алыскыны, тааныштан улам бейтааныштарга карай, белгилүүдөн белгисиздикке карай ж.б.) | өзгөчөлүгүн эске алуу;<br>- методдор: а) материалды ырааттуу жана биринин артынан экинчисин баяндоо; б) логикалык иретте ой жүгүртүү; в) теориянын практика менен байланышы; г) жалпыдан жекеге баруу; д) окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсү; ж) жеке байкоолор; з) эксперимент, практика ж.б. |

IX-XIII кылымды (болжолу 800-1200 жылдар) С.Ф.Старр Борбор Азиянын «Алтын доору» атайт [2]. Бул учурда Персиянын, Ооганстандын, азыркы Борбор Азиядагы Казакстандын, Түркмөнстандын, Өзбекстандын, Кыргызстандын, Кытайдын Чыгыш Түркстан (Шынжан) бөлүгүнүн фарсий, араб тилинде жазган окумуштуулары, акындары астрономия, медицина, математика, химия, геология, философия, теология, лингвистика, адабияттаануу, музыкатаануу, архитектура сыяктуу илимдерди өнүктүрүп, адабият жана искусствонун классикалык чыгармаларын жаратышкан. Булардын табылгалары дүйнөлүк илимди жана көркөм өнөрдү алдыга жылдырып, кийин Европа Ренассансынын пайда болушуна шарт даярдаган. Мындай өнүгүүнүн башкы себеби Араб халифатынын мамлекеттик түзүлүш боюнча окуусунун жана ислам илимпоздорунун таасири деп айтууга болот. Борбор Азиядагы окумушуулар араб тилин жетик өздөштүрүп, араб тилиндеги жана ошол тил аркылуу байыркы грек, эллин, инди маданиятын, илимин өздөштүргөн. Мухаммед пайгамдардын хадистеринде «Билимге умтулуу – ар бир мусулмандын парзы», «Илим өнөрүн Чинден болсо да үйрөнгүлө!», «Аалым (илим берүүчү бол), же болбосо илим үйрөнүүчү (алуучу) бол, же тыңдоочу бол, же болбосо илимге ышкы-ынтызарлуу бол, бешинчиси болбо, жок болосун», «Бир саат илим үйрөнүү таң атканча намаз окуп чыккандан өйдөдүр, бир күн илим үйрөнүү үч ай орозо туткандан жакшыраактыр», «Илим үйрөнүп аны эч кимге айтпаган адам байлык топтоп, аны сарптабаган бакыл кишиге окшойт», «Бешиктен кабырга чейин илим изде», «Илим – ибадаттан өйдө жана диндин устуну» ж.б. насааттар айтылып, алар адамдардын илимге болгон ышкысын ойготуп турган.

Борбор Азиядагы Ибн Сина, Бируни, Хорезми, Фараби, Газали ж.б. аалымдар, акындар араб тилинде жазгандыктан европалыктар аларды ушул күнгө чейин арабдар деп калышкан. Ал дагы бир себеп алар өздүгүн жазууда атын жана атына «Мухаммед» деген пайгамбардын ысымын кошуп, анан атасын (ибн, бин), туулган жерине «аль» дегенди улап, анан кийин кайсы жерден экенин (Хорезми, Фергани, Оши, Баласагуни, Кашкарий ж.б.) тастыктап жазышкан.

Фергана өрөөнүндөгү мактаб жана медреселер динди жана илимди үйрөтүү чыгармаларын, эмгектерин үйрөнгөн айрым инсандарга токтолуп кетсек.

Фергана өрөөнүндө **Ахмад аль-Фергани** деген киши жашаган, өмүр сүргөн мезгил 797-860-жылдар деп айтылып жүрөт, Батышта Альфраганус деген ат менен белгилүү болгон. Анын «Элементтери» деген астрономия боюнча эмгеги, б.а., астролаб боюнча трактаты ар тилинде, араб ариби менен жазылган, андыктан аны араб окумуштуусу деп эсептешкен. Бул эмгекти Американы ачкан Х.Колумб да окуп чыккандыгы айтылып келет.

Дагы бир Фергана өрөөнүнөн чыккан изилдөөчү **Абу Махмуд Хужанди (945-1000)**, азыркы Кожент шаарында туулган, окумуштуу астронмиялык аспаптарды ойлоп таап, Жер планетасы тууралуу илимге бир топ тагыраак ачылыштарды айтууга мүмкүнчүлүк ачып берген.

Ислам дининин Кураны каримден кийинки экинчи ыйык китеби Мухаммед пайгамдардын айткан осуяттары хадистери эсептелет. Аларды пайгамбардын көзү өткөндөн кийин ирети келтирип, эске түшүрүүлөр боюнча жазып чыгышкан. Мына ошол хадистердин алты жыйнагы

бешөөсүн борбор азиялыктар жазышкан. Ошолордун ичинде **Аль-Бухаринин (810-** жалпы ислам дүйнөсүндө эң жогору бааланат. Ал аалым-<u>мухаддис</u> (хадистерди жана изилдөөчү) жана <u>муфассир</u> (Куранга түшүндүрмө берүүчү) катары миңден ...тер менен баарлашып, алардан эки миң хадис жазып алган, жалпы сегиз миң 7275 хадисти редакциялаган, «Ас-Сахих» аттуу хадистер топтомуна киргизген. ...дистер XX кылымга чейин Фергана өрөөнүндөгү мектеб жана медреселерде негизги ... катары пайдаланылып келген.

... Азиядагы акындар, астрологдор, дарыгер-табыптар, музыканттар эл аралап, узак ... чыгышкан, ал жактан башка элдин маданиятын, илимин үйрөнүшкөн жана өздөрү ... башкаларга үйрөтүшкөн. Алардын таасири бүтүндөй ЕвроАзия элдерине тийген. ... жана астроном Аль-Хорезм туулуп өксөн жери Хорезмден, табып Ибн Сина мекени ... акын-ойчул Жалалиддин Руми киндик каны тамган жери Балхтан кетип, башка ...н башка шаарларын турак кылышкан, ага чейин алар көп жерлерди кыдырган. Суфий ... Ахмед Йассави, Сулайман Бакырганы, Машраб жана алардын жолун жолдоочулар ... менен күн кечирип, дүйнө кезген. Абу Зайд аль-Балхи азыркы Ооганстандан чыгып, ... Жер картасына материалдарды топтоо үчүн бут жеткен жердин баарын аралаган, ... хадистер китебине маалыматтарды издеп өмүрүн жолдо өткөргөн, а түгүл Индия ... барып, көп нерселерди үйрөнүп кайткан. Азыркы Кыргызстандын Токмок шаарына ... жерде туулган Жусуп Баласагын, Ысык-Көлүн теской жагындагы Барскоондо жарык ... келген Махмуд Кашкары илим-билим издеп Кашкар шаарына кетет, өз китептерине ... топтоо үчүн көптөгөн элдерди, тайпаларды, калааларды, чөлдөрдү, тоолорду ...

...о туулган Шейх-уль-ислам Насуриддин Абу Мухаммед бин Сулейман аль Оши, Али ибн ... бин Мухаммед ибн Сулейман аль Телий аль Оший, Омар ибн Муса аль Оши, Мансур аль ...ын балдары Имран жана Масуд, Мухаммад ибн Али ибн Хамид Абу Абдаллах аль ... Усман аль Оший, Сулайман бин Оший, Масуд бин Мансур Оший ж.б. ислам аалымдары ...өлөрдөн билим-илим алып келген. Дагы бир оштук Али ибн Османдын (Сиражуддин ...) кол жазма китептери Багдаддан табылган. Мухаммад ибн Ахмад ибн Али ибн Хамид Абдаллах аль Оши Багдадда жашап, ал жерде мударис болуп талабаларга дарс окуган. ... ибн Муса аль Оши (аль Хамави) Мисир, Багдад, Мекке шаарларында жашап, ошол ... терең билим алып жалпы ислам дүйнөсүндө бааланган энциклопедиялык сөздүк түзгөн. ... Бакр Мухамед бин Абу Сахл Ахмед аль-Сарахси (Имам Сарахси) (1009-1090) азыркы ...н аймагындагы Сарахс шаарында туулса да, Каракандардын чыгып борбору болгон ... шаарында жашап, атактуу исламий китептерин жараткан.

Жогорудагы мисалдардан айтарыбыз төмөнкүлөр:

1. Борбор Азиядагы диний аалымдардын, окумуштуулардын, акындардын, жер кезер ...фтардын идеялары башка өлкөлөрдү, жерлерди кыдыруу, ал жакта жашоо учурунда да ...ган.
2. Жогорудагыдай тарыхый инсандар өз ойлорун басма, жазма түрүндө гана эмес, жер ...у, саякаттоо учурунда оозеки формада да тараткан.
3. Мусулманчылыкта, ислам done дининде эл кыдырып, жер көрүүгө, илимди таратууга ...ө маани берилген жана соопчулук катары да, илим-билим адамынын парзы катары да ...елген.
4. Дервишчилик, эл кыдыруу башка элдердин, маданияттардын жергиликтүү элге ...шине, таасирленүүсүнө да шарт түзгөн.

Мына ушул факторлор XIX кылымдын II жарымындагы жана XX кылымдын алгачкы эки он ...дыгындагы Фергана өрөөнүндө жайгашкан диний мактаб-медреселердин окуу-тарбия ...ессине да оң таасирин тийгизген. Биринчиден, Борбор Азиядагы IX кылымдан башталган ...клопедист-аалымдардын эмгектери, сопу акындарынын ырлары менен терең таанышууга ...үнчүлүк болгон, экинчиден, өздөрүн да жашаган айылындагы, шаарындагы мударистер ... окутпастан, алыскы жана жакынкы өлкөлөрдөн, шаарлардан келген мударистер да ...ткан.

Борбор Азиядагы Алтын доордун дүйнөлүк илим-билимге, маданиятка кошкон эң баалуу салымы – алардын билим берүү жана тарбиялоо концепциясынын гуманизми. Булардын гуманисттик идеяларын орто кылымдардагы жана андан кийинки доордогу Европадагы университтерде окуу предметтеринин, өзгөчө чыгыш адабияты, педагогика, логика, медицина, астрономия илимдеринин курамында кеңири үйрөтүлгөн. Алар өз окууларында бул ааламда башкы нерсе – адам дешкен, адамды түшүнүү, адамды ар тараптан аздектүү керек дешкен, аны коомдогу ролуна жогору баа беришкен, адамды адамгерчиликтин мыйзамдары менен гана тарбиялоону башкы планга алып чыккан.

**Адабияттар:**

1. Юзликаева Э.Р, С.А.Мадьярова, Э.Э.Янбарисова, И.В.Морхова. Теория и практика общей педагогики: Учебник для направления бакалавриата область образования. – Ташкент, ТГПУ им.Низами, -2012.
2. Старр С.Ф. Жоготулган агартуу. Борбордук Азиянын алтын доору араб басып алууларынан Темирланга чейин. – Б.: 2017. –б.3.

УДК: 37(398.91)(575.2)

## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН МАКАЛ-ЛАКАПТАРЫ – ТАРБИЯНЫН КЕНЧИ ЖАНА “МАНАС” ЭПОСУ

*Ильгильдиева А.А., аспирант*
*E-mail: aizulya555.85@mail.ru*
*Ош мамлекеттик университети*

## ПОСЛОВИЦЫ И ПОГОВОРКИ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА КАК КЛАДЁЖЬ ВОСПИТАНИЯ И ЭПОС «МАНАС»

*Ильгильдиева А.А., аспирант*
*E-mail: aizulya555.85@mail.ru*
*Ошский государственный университет*

## THE KYRGHYZ PROVERBIALS – EDUCATIONAL RESOURCE AND EPOS “MANAS”

*Ingildeeva A. A., postgraduate*
*E-mail: aizulya555.85@mail.ru*
*Osh State University*

***Аннотация:*** *Бул илимий макалада элдик макал-лакаптар келечек муундарды туура тарбиялоодо өзөктүү баалуулук катары каралып, адеп-ахлак, ыйман тарбиясын натыйжалуу жүргүзүүдө "Манас" эпосунун мазмунун окуп-үйрөнүүнүн чоң мааниге ээ экендиги белгиленет.*

***Аннотация****: В данной научной статье народные пословицы и поговорки имеют сильное влияние на воспитание достойных будущих поколений, а также в воспитании эпос "Манас" имеет эффективную и огромную роль.*

***Abstract:*** *This scientific article considers proverbials which have a big influence on future generations and in teaching moral education as an effective value to learn the content of the epic "Manas".*

***Түйүндүү сөздөр****: макал – лакаптар, адеп, тарбия, маданият, элдик педагогика, өсүп келе жаткан муун.*

***Ключевые слова:*** *Пословицы и поговорки, нравственность, воспитание, культура, народная педагогика, подрастающее поколение.*

***Key words****: Proverbial, morality , education, culture, public education, growing generation.*

Кыргыздын акылы – макал. Макал – нак акыл. Ылакап - ылайык кеп. Макал көбүнчө акылга басым жасаса, ылакап эске таянат. Ошондуктан, акыл-эс сыяктуу макал-ылакап да чогуу айтылат. Кыргыз элинин макал-лакаптары өсүп келе жаткан келечек муундарды тарбиялоонун, алардын көз карашын кеңейтүүнүн, түшүнүгүн тереңдетүүнүн көөнөргүс руханий азыгы катары байыртадан кызмат кылып келген [5.].

Кыргыздардын элдик педагогикасынын өзөгүндө жаткан жана эл тарабынан аздектелип чогултулуп келген нарк-нускалуу каада-салт, үрп-адат, макал-лакаптар кудурети күчтүү руханий жана маданий дараметке ээ. Буларды ата-бабалардын жаштарга керээздеген акыл нускоолору катары да түшүнүү керек.